**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти менен Федералдык сот приставдар кызматынын (Россия Федерациясы) ортосундагы кызматташтыгы тууралуу Меморандум**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти жана Федералдык сот приставдар кызматы (Россия Федерациясы), мындан ары Тараптар деп аталган, өз ара кызыкчылыктарды билдирген маселелер боюнча кызматташууну бекемдөө жана өнүктүрүү каалоосун жетекчиликке алып, төмөнкүлөр боюнча өз ара макулдашууга келишти:

I. Берилген Меморандумдун максаты болуп Тараптардын ортосундагы кызматташууну ишке ашырууну камсыз кылган негиздерди түзүү саналат.

Тараптар берилген Меморандумдун алкагында төмөндөгү багыттар боюнча кызматташууну ишке ашырууга ниеттенүүдө:

1) төмөнкү тармакта тажрыйба алмашуу:

- соттук актыларды жана башка органдардын актыларын мажбурлап аткаруу;
- карызкорлорду жана алардын мүлктөрүн издөө, мүлктү камакка алуу боюнча аткаруу аракеттерин жасоо;
- соттук актыларды жана башка органдардын актыларын аткаруудан качкан жана аларды аткарууга тоскоолдук жараткан адамдарга карата чектөөчү чараларды жана жоопкерчилик чараларын колдонуу;
- тараптардын мажбурлап аткаруучу органдарынын ишмердүүлүгүнө заманбап маалымат-коммуникативдик технологияларды киргизүү;

2) аткаруу өндүрүшү тармагында мыйзамдар жана укуктук практикалар, бул тармактагы өзгөрүүлөр тууралуу маалымат жана документтер менен алмашуу;

3) өз ара таанышуу визиттерин уюштуруу;

4) тажрыйба алмашуу, кызматкерлерди окутуу жана квалификациясын жогорулатуу үчүн конференцияларды, семинарларды, тренингдерди уюштуруу;

5) аткаруу өндүрүшү тууралуу маселелер боюнча жана башка өз ара кызыкчылыктарды билдирген маселелер боюнча Тараптар тарабынан уюштурулган эл аралык жана регионалдык конференцияларда, семинарларда жана башка иш чараларда катышуу;

6) мажбурлап аткаруу органдарынын кызматкерлеринин арасында сергек жашоо образын сактоого багытталган спорттук жана башка иш чараларга катышуу;